**2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында жана анын илимий-изилдөө мекемелеринде, ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 3-сентябрындагы № 06-1/575 буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору П.С. Батировдун жетекчилиги астында, башкы мамлекеттик инспектор: А.С. Ниязалиев, мамлекеттик инспекторлор: Б.Д. Асылбеков, Д.Р. Авазов, К.М. Калмаматов, Б.С. Садыков, К.З. Торобеков, Э.З. Акимжановдордон турган курамындагы аудит тобу тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында илимий-изилдөө мекемелеринде жана анын ведомстволук уюмдарында жана мекемелеринде 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жоопту тарап жана аудит субъектиси:**

Ушул аудитке карата жоопту тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы (мындан ары – УИА) эсептелет.

**Аудит субъектисинин милдеттери:**

УИАнын жетекчилиги, илимий-изилдөө мекемелеринин жана анын түзүмүндөгү мекемелердин жетекчилери ыйгарым укуктарды ишке ашырууга жана мамлекеттик каражаттардын тескелишине, ошондой эле, ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети-иш-аракеттердин ылайыктуулугуна байланыштуу УИАда, жана анын илимий-изилдөө мекемелеринде, ведомстволук уюмдарында жүргүзгөн аудиттин негизинде аудиттин критерийлерине өз алдынча тыянак чыгаруу. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесип-көй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудитор, аудит тобу тарабынан жүргүзүлүп жаткан аудиттин жол-жоболору ушул жагдайларда ылайыктуу жана чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулардын негизин камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде УИА Президиумунда бюджеттик каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- биринчи кол коюу укугу менен, УИА президенти кызматында: Джуматаев М.С. 2017-жылдын 16-майынан 2022-жылдын 14-ноябрына чейин; Абдрахматов К.Е. 2022-жылдын 15-ноябрынан тартып азыркы күнгө чейин;

- экинчи кол коюу укугу менен, финансы-экономика башкармалыгынын башчысы кызматында: Токтоболотов М.А. 2017-жылдын 16-майынан тартып 2023-жылдын 17-декабрына чейин; Абдылдаева У.Ы. 2023-жылдын 18-декабрынан тартып азыркы күнгө чейин.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, УИАнын бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга шайкеш келишин изилдөө болуп саналат. Аудиттин кароосуна киргизилген маселелер төмөнкүлөрдү камтыды:

- бюджеттик каражаттар боюнча сметалардын түзүлүшүнүн негиздүүлүгү;
- штаттык бирдиктердин түзүлүүсү;
- эмгек акыларды эсептөө жана төлөөнүн негиздүүлүгү;
- кызматтык сапар чыгымдарынын ченемдерин тартибин сактоо;
- негизги каражаттар сакталышы, башка кыймылдагы товардык-материалдык баалуулуктардын (мындан ары-ТМБ) колдонуусу, ченемден ашык корлору жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- капиталдык жана кезектеги оңдоо иштерине кеткен чыгымдарга аудит;
- мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун сактоо;
- бухгалтердик эсеп жана отчёттуулуктун абалы.

**Аудиттин критерийлери:**

Аудиттин критерийлери, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын бюджетинин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана ички ченемдик укуктук актыларына ылайык аткарылышын изилдөө:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-октябрындагы № 672 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын уставы”.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы №432 “Кыргыз Республикасынын илим жана илимий кызматтарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн жаңы системасын киргизүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 23-апрелиндеги №192 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн илим жана илимий тейлөө жаатындагы айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 242-р "Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлерине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан "Илим" секциясы боюнча каржылануучу илим жана илимий кызматтардын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 17-июнундагы №374 "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө" жобосу (учурдагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 "Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө" токтому).

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмолорго ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптардын сакталышын, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдык жана жөнгө салуу ченемдеринин талаптарына ылайык аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын жыйынтыгында төмөндөгү баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жана анын илимий-изилдөө мекемелеринин, ведомстволук уюмдарынын иши олуттуулуктун көлөмү жана мүнөзү боюнча аудитке камтылган учурларында, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге шайкеш келери аныкталды.

**Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**:

2019-2020-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча бюджеттин аткарылышына натыйжалуулук аудиттин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудит боюнча жазма буйруктун төмөнкү пункттары аткарылган эмес жана жарым-жартылай аткарылган.

38 пункттан турган 2022-жылдын 18-мартындагы № 01-23/59 жазма буйруктун 1-пункту жарым-жартылай аткарылды, 10-пункту аткарылган эмес:

1-пункту. КР УИАсында 2017-2018-жылдарга карата бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругунун төмөндөгү пункттары аткарылсын:

12.1 Жалал-Абад илимий борбору боюнча: 121,7 миң сомдук материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги калыбына келтирилсин;

14.1 "Илим" балдар ден соолукту чыңдоо комплекси боюнча: ижара акысы 63,0 миң сом республикалык бюджетке которулсун.

13.2 Илим басмакана борбору боюнча: негизсиз эсептен чыгарылган 9,5 миң сом (калдыгы) калыбына келтирилсин.

10-пункту. П.А. Гана атындагы Токой изилдөө илимий-өндүрүштүк борбору боюнча: Бишкек шаарындагы Каражыгач токою районундагы бөлүнгөн 12,57 га жер участкаларына укукту аныктаган документтерин тактоо боюнча иш алып баруу аткарылган эмес."

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 18-мартындагы № 01-23/59 жазма буйругунун 1, 10-пункттарын толугу менен аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аудиттин субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

"Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы - УИАнын мүчөлөрүн, илимий изилдөө институттарын, илимий кызматкерлерин, адистерин, тейлөөчү жана башка кызматкерлерин бириктирген мамлекеттик жогорку илимий мекеме.

УИА өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, жогоруда аталган Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына жана УИАнын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-октябрындагы № 672 токтому менен бекитилген Уставына ылайык жүзөгө ашырат.

УИАнын иши республиканын өндүргүч күчтөрүн, анын илимий-техникалык дареметинин, маданиятынын, эл агартуусунун, адабиятынын жана искусствосунун өнүгүшүнө көмөктөшүүчү фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөргө, укуктук мамлекетти түзүүгө жана калыптандырууга багытталып, улуттар аралык тынчтыкты жана достукту чыңдоого көмөк көрсөтөт.

Улуттук илимдер академиясы юридикалык жактын статусуна ээ жана коммерциялык эмес уюм болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү УИАнын уюштуруучусу болуп саналат. УИА өз ишинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө отчет берет.

**Эмгек акы жана башка төлөмдөр**

**Аныкталды жана корутунду:**

УИА Президиумунун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин, илимий-изилдөө мекемелеринин кызматкерлеринин кызматтык маяналары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөнкү токтомдору менен жөнгө салынат.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 23-апрелиндеги №192 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн илим жана илимий тейлөө жаатындагы айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому. Бул токтом 2022-жылдын 31-мартына чейин күчүндө болуп, кызматкерлерге:

- календардык жылдын аягында - эмгек акынын орточо айлык фондусунун өлчөмүндө он үчүнчү эмгек акы;

- эмгек өргүүсүнө чыккан учурда - ден соолукту чыңдоо үчүн эмгек акынын эки айлык фондусунун өлчөмүндө жөлөк пул төлөнө тургандыгы белгиленген.

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 244 "Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлерине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан "Илим" бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтому кабыл алынып, 2022-жылдын 1-апрелинде күчүнө кирген. Токтомдо УИА Президиумунун борбордук аппаратынын кызматкерлерине календардык жылдын аягында орточо айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө он үчүнчү эмгек акы жана өргүүгө чыгууда эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө ден соолукту чыңдоого жөлөк пул төлөнө тургандыгы белгиленген.

Бирок, аудитке камтылган мезгилде УИА Президиумунун борбордук аппаратынын, илимий-изилдөө мекемелеринин кызматкерлерине жана анын түзүмүндөгү башка мекемелеринде президиумдун чечимдери, илимий институттардын директорлорунун, түзүмүндөгү башка мекемелердин жетекчилеринин буйруктарынын негизинде жогоруда белгиленген токтомдордо эмгек акы фондунан каралбаган төлөмдөр, ишмердүүлүктүн жыйынтыгы боюнча жана майрамдык даталарга сый акылар, материалдык жардамдар жана башка төлөмдөрдү эмгек акы фондунан негизсиз төлөөлөр аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-январындагы № 18 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө" жобонун 9-пунктуна ылайык, илимди өнүктүрүүдөгү жеке салымы үчүн илимий-изилдөө мекемелеринин жетекчилерине кошуп төлөө жана сый акылар, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын биргелешкен буйругу менен белгиленет. Бирок, аудит тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын биргелешкен буйругу жок эле УИА Президиумунун токтомдору менен, илимий изилдөө мекемелеринин жана уюмдарынын жетекчилерине 2021-2022 жана 2023-жылдарга карата кызматтык маянадан 50%га чейин кошуп төлөө жана сый акылар белгиленгендиги аныкталган.

Ошондой эле, КР Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте буйрук чыгарбастан, КР УИА Президиумунун токтому менен УИАнын Президентине, вице-президентине, башкы окумуштуу катчысына үстөктөр белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтому менен “Оор жумуштар жана зыяндуу же кооптуу эмгек шарттары бар жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөө тартиби жөнүндө” жобону жана өзгөчө эмгек шарттары бар жумуштардын типтүү тизмесин бекитүү жөнүндө”, 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258-токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген: эмгектин өзгөчө шарттары бар жумуштардын типтүү тизмесинде (17-глава 42-пункт) “Компьютерде иштөөгө” кошумча төлөм 2022-жылдын 1-августунан тартып күчүн жоготконуна карабай кээ бир мекемелерде төлөнүп келген. Аудиттин жыйынтыгы менен:

УИА Президиумунун борбордук аппараты боюнча: жалпы эмгек акы фондунан негизсиз эсептелип берилген сумма 12 454,9 миң сом жана бул суммадан Социалдык фондго чегерүүлөр 2 148,5 сом, баардыгы 14 603,4 миң сом;

Академик Ж.Жеенбаев атындагы физика институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 7 150,1 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 1 233,4 миң сом, баардыгы 8 383,5 миң сом;

Машина таануу, автоматика жана геомеханика институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 6 074,1 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 1047,8 миң сом, баардыгы 7 121,9 миң сом;

Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 2808,1 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 484,6 миң сом, баардыгы 3 292,7 миң сом;

Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 1 416,8 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 244,4 миң сом, баардыгы 1 661,2 миң сом;

Экономика институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 1350,6 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 233,0 миң сом, баардыгы 1 583,6 миң сом;

Борбордук илимий китепкана боюнча: негизсиз эсептелген сумма 990,4 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 170,8 миң сом, баардыгы 1 161,2 миң сом;

Биология институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 963,3 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 166,2 миң сом, баардыгы 1 129,5 миң сом;

Биотехнология институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 907,1 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 156,5 миң сом, баардыгы 1 063,6 миң сом;

Э.З. Гареев атындагы Ботаникалык бак илим изилдөө институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 876,9 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 151,3 миң сом, баардыгы 1 028,2 миң сом;

М.М. Адышев атындагы геология институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 958,1 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 165,2 миң сом, баардыгы 1123,3 миң сом;

Тоо физиологиясы жана медицина институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 606,3 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 104,6 миң сом, баардыгы 710,9 миң сом;

УИА Президиумунун алдындагы “Илим” Маалымат-басма борбору боюнча: негизсиз эсептелген сумма 417,9 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 70,2 миң сом, баардыгы 488,1 миң сом;

Математика институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 77,1 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 13,3 миң сом, баардыгы 90,4 миң сом;

Б. Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 55,2 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 9,5 миң сом, баардыгы 64,7 миң сом;

Жалал-Абад илимий борбору боюнча: негизсиз эсептелген сумма 45,0 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 9,4 миң сом, баардыгы 54,4 миң сом;

КР Улуттук илимдер академиясынын А.С Джаманбаев атындагы жаратылыш байлыктары институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 41,6 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 8,7 миң сом, баардыгы 50,3 миң сом;

Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институту боюнча: негизсиз эсептелген сумма 30,3 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 6,3 миң сом, баардыгы 36,6 миң сом;

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмү боюнча: негизсиз эсептелген сумма 10,4 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 2,2 миң сом, баардыгы 12,6 миң сом.

Аудит белгилегендей, жыл сайын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Социалдык чөйрөнүн чыгымдарын пландоо башкармалыгынын жетекчилиги жана тийиштүү адистери тарабынан УИАсынын чыгашалар сметасын карап, бекитип берүүдө жана жыл ичинде каржылоодо тийиштүү көзөмөлдүн жоктугунан “Эмгек акы” беренесинен жалпы эсептелип, төлөө 37 234,2 миң сом жана “Социалдык фонд” беренесинен 6 425,9 миң сом суммасында негизсиз чыгымдарга жол берилген.

**Сунуштама**:

1. Негизсиз эмгек акы, сый акы төлөөлөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-январындагы № 18 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө” жобого ылайык, Улуттук илимдер академиясынын президентине, вице-президентине, башкы окумуштуу катчысына, илимий-изилдөө мекемелеринин жетекчилерине үстөк акылар жана сыйлыктар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргелешкен буйрук менен белгиленсин.

**Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**:

2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2022-жылдын 14-майында күчүнө кирди. Буга чейин “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 Мыйзамы аракетте болгон. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85-П буйругу менен бекитилген “Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн тартибинин” 6-пунктуна ылайык, мамлекеттик сатып алуулар боюнча сертификаттар мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген сайын жаңыртылышы керек. Буга чейин жалпы УИАсы боюнча Борбордук аппаратта болгону 1 адисте - К.Т.Усубакуновада мамлекеттик сатып алуулар боюнча сертификаты болгон. Бирок, бул сертификат да 2022-жылдын 17-майынан баштап күчүн жоготкон. 2022-жылдын 17-майынан кийинки УИАсынын борбордук аппаратында, илимий-изилдөө мекемелери жана анын түзүмүндөгү башка мекемелеринде өткөрүлгөн сатып алуулар боюнча баардык конкурстар мыйзамсыз түрдө жүргүзүлгөн.

Аудитке камтылган мезгилде мамлекеттик сатып алуулар боюнча аныкталган жалпы 18 554,9 миң сомдук бузуулар УИАга караштуу чарбалык эсептеги төмөнкү мекемелерде жол берилген:

“Илим” балдардын ден-соолугун чыңдоочу комплекси мамлекеттик сатып алуулардын планын түзбөстөн, конкурсту өткөрүү жөнүндө мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жарыяланбастан 16 813,3 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктарды (күйүүчү май, жумшак инвентарь, азык-түлүк, дары-дармек, чарба товарлары, курулуш материалдары, ж.б.) накталай акча каражатына сатып алынган.

Ошондой эле, “Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын эс алуу үйү” мекемеси мыйзамынын талаптарын аткарбастан тоорукка (тендер) катышпастан 2022-жылы 825,8 миң сомдук, 2023-жылы 498,1 миң сомдук, баардыгы болуп 1 323,9 миң сом нак акчага күйүүчү май, курулуш материалдары, тамак ашка азыктары жана чарба буюмдарын сатып алышкан.

Автотранспорт-экспедициондук ишканасы - 393,8 миң сомдук күйүүчү май, медикамент, чарба буюмдарын нак акчага сатып алышкан.

Биология институтунун токойлорду изилдөө боюнча П.А.Ган атындагы илимий өндүрүш борбору 24,2 миң сомго керектүү буюмдарды сатып алып жана оңдотуп жумуш жасашкан.

Белгилей кетүүчү жагдай, мындан мурдагы 2019-2020-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча да сатып алуулар жаатында бузуулар, кемчиликтер аныкталып, тийиштүү сунуштар берилген. Бирок, УИАнын жетекчилиги тарабынан жеткиликтүү чаралар көрүлбөгөндүктөн, кайра эле бузуулар кайталанып келүүдө.

**Сунуштама:**

Сатып алуулар жаатында мыйзам бузууга жол берген кызмат адамдарынын жана мекемелердин жетекчилеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын калдыктары**

**Аныкталды жана корутунду:**

УИАнын борбордук аппаратынын финансы-экономикалык маселелер боюнча башкармалыгы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, 2023-жылга карата товардык-материалдык запастардын ашыкча калдыктары 2370,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- Улуттук илимдер академиясынын Президиумунун борбордук аппараты боюнча чарбалык материалдарынын жана кеңсе товарларынын ченемден ашыкча запастары 120,9 миң сомду;
- Э.З. Гареев атындагы Ботаникалык бак илим изилдөө институту боюнча тетиктердин, турмуш-тиричилик материалдарынын, кеңсе товарларынын жана курулуш материалдарынын ченемден ашыкча запастары 2120,3 миң сомду;
- Биотехнология институту боюнча турмуш-тиричилик материалдарынын жана кеңсе товарларынын ченемден ашыкча запастары 129,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

1. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Улуттук илимдер академиясынын уюмдарында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын пайда болушунун себептерине талдоо жүргүзүлсүн.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата 2370,2 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттардын ашыкча запастарын, 2024-жылдагы өздөштүрүүсүн эске алуу менен, бюджетке эсепке алуу каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясын каржылоодо 2023-жылдын аягына карата УИА Президиумунун - 120,9 миң сомго (чарбалык материалдар жана кеңсе товарлар), Э.З. Гареев атындагы

Ботаникалык бак илим изилдөө институтунун – 2120,3 миң сомго (тетиктер, турмуш-тиричилик материалдар, кеңсе товарлардын жана курулуш материалдар), Биотехнология институтунун – 129,0 миң сомго (турмуш-тиричилик материалдары жана кеңсе товарлары) товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын 2024-жылы өздөштүрүүсүн эске алуу менен, бюджетке эсепке алуу каралсын.

**Коммуналдык кызматтарга жана транспорт каражаттарына, автотранспортту пайдалануу боюнча ченемдердин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:**

УИАнын илимий-изилдөө институттары тарабынан коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө белгиленген ченемдер сакталбай келет. УИАнын борбордук аппаратынын финансы-экономикалык маселелер боюнча башкармалыгы тарабынан жыл сайын бюджеттик жылдын жыйынтыгы боюнча жасалуучу отчёттук маалымат жыйындысына жана аудит тарабынан камтылган илимий-изилдөө институттарында аныкталган отчеттук-маалыматтар боюнча дайыма жылуулук жана электр энергиясына белгиленген ченемден ашыкча пайдалануулар келип чыгат. Демек, Борбордук аппаратынын финансы-экономикалык маселелер боюнча башкармалыгы жана илимий институттардын бухгалтердик эсеп адистери тарабынан божомолдоо планын түзүүдө мүчүлүштүктөргө жол берилип, жетишерлик ченемдер берилбей келет. Жыйынтыгында, аудитке камтылган мезгил аралыгында УИАнын борбордук аппаратынын финансы-экономикалык маселелер боюнча башкармалыгынын отчеттук-маалыматтары жана аудиттин жыйынтыгы боюнча илимий-изилдөө институттары тарабынан жылуулук жана электр энергиясына белгиленген ченемдерден ашыкча 1 495,8 миң сомдук пайдалануулар такталды. Анын ичинен институттар боюнча:

- Сейсмология институту - 793,2 миң сом;
- Суу проблемалар жана гидроэнергетика институту – 143,3 миң сом;
- Машина таануу жана автоматика институту – 129,6 миң сом;
- Химия фитотехнология институту – 122,4 миң сом;
- Жаратылыш байлыктары институту – 82,8 миң сом;
- Тянь-Шань бийик тоолуу илимий борбору - 77,5 миң сом;
- Биология институту - 64,6 миң сом;
- Академик Ж. Жеенбаев атындагы Физика институту – 39,2 миң сом;
- Э.З. Гареев атындагы Ботаникалык бак илим изилдөө институтунда – 13,7 миң сом;
- Гуманитардык аймактык изилдөө институту – 13,3 миң сом;
- Тоо физиологиясы жана медицина институту – 11,7 миң сом;
- М.М. Адышев атындагы геология институту - 4,5 миң сом.
-

**Сунуштама:**

Жылуулук жана электр энергиясына бекитилген ченемден ашыкча пайдаланууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 токтомунун 4-пунктуна ылайык, кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт үчүн отундун чыгымдалышы айына 240 литрден ашпоого тийиш.

Бирок, УИА Президиумунун кызматтык автотранспорт үчүн күйүүчү-майлоочу материалдардын чыгымдары: 2021-жылы 3920 литр 218,6 миң сомду түздү, же ченемден ашып кетүү 1040 литр 53,2 миң сомду түздү.

**Сунуштама:**

Нөөмөттүк автотранспортко 53,2 миң сом суммасындагы 1040 литр күйүүчү-майлоочу материалдардын ашыкча чыгымдалышы күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин.

**Курулуш куроо, утурумдук оңдоо иштеринин аткаруусу**

**Аныкталды жана корутунду:**

“Илим” балдардын ден-соолугун чыңдоо комплекси тарабынан 2023-жылы 2 402,9 миң сомдук көлөмдүк учурдук оңдоо-курулуш иштери аткарылган. Мамлекеттик сатып алуу жаатындагы жол-жоболору бузулуп, оңдоо иштери чарбалык ыкмада жергиликтүү ишкерлер менен 7 түз келишим түзүлүп аткарылган. 2023-жылдын 1-июнундагы №2 келишим боюнча аткарылган 833,9 миң сомдук оңдоо иштеринин көлөмүнөн 121,9 миң сомдук 514 кв.м. дубалдын сырдоо иштери сапатсыз аткарылган.

“Э. Гареев атындагы Ботаника багы” илимий-изилдөө институту” мекемеси тарабынан 95,4 миң сомго аткарылган иштердин көлөмү жогорулатылган, анын ичинен подрядчылар “Валико” ЖЧКсы 23,1 миң сомго сугат тутумунун бузулган бөлүктөгу көлөмү жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаал министрлигине караштуу Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбор мамлекеттик ишканасы 72,3 миң сомдук көлөм ашыкча алынган.

**Сунуштама:**

1 Илим” балдардын ден соолугун чыңдоо комплексинде подрядчылардын эсебинен 121,9 миң сом суммасындагы 514 кв.м. сапатсыз аткарылган оңдоо иштерин калыбына келтирүү боюнча тиешелүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

2. “Э. Гареев атындагы Ботаника багы” илимий-изилдөө институту” мекемеси, подрядчылардын эсебинен: “Валико” ЖЧКсы 23,1 миң сомго жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаал министрлигине караштуу “Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбор” мамлекеттик ишканасы 72,3 миң сомго аткарылган жумуштардын жогорулатылган көлөмдөрүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу**

**Аныкталды жана Корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Сейсмологиялык институтунда смета боюнча 2211 “Кызматтык иш сапарларга чыгашалар” беренеси боюнча акча каражаты каралган эмес. Бирок, мекеменин жооптуу кызматкерлери тарабынан 22181200 “Тамак-аш азыктарына компенсациялык төлөмдөр” беренесинин эсебинен дайыма иш сапар чыгымдарына 2021-жылы - 34,3 миң сом, 2022-жылы - 55,5 миң сом, 2023-жылы - 102,1 миң сом, баардыгы болуп 191,9 миң сом максатсыз пайдаланылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Сейсмологиялык институту боюнча бюджеттик жылга сметаны түзүүдө 2211 “Кызматтык иш сапарларга чыгашалар” беренеси боюнча чыгымдар каралсын. 22181200 “Тамак-аш азыктарына компенсациялык төлөмдөр” беренесинен максатсыз чыгымдарды жүргүзүүгө жол берилбесин.

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, Сейсмология институту тарабынан жалпы 191,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн максатсыз чыгымдарды республикалык бюджетке өндүрүү маселеси каралсын.

**УИАнын кыймылсыз мүлктөрдүн сакталышы жана колдонулушу**

**Аныкталды жана корутунду:**

УИА Президиумунун 2018-жылдын 25-апрелиндеги токтому менен “Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын мамлекеттик сатып алуулар, мүлк мамилелери жана чарбалык ишмердиги бөлүмү жөнүндө” жобосу бекитилген.

Бөлүмдүн негизги милдеттеринин катарында:

- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда аракеттеги Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын жана башка тийиштүү ченемдик-укуктук актылардын талаптарына ылайык комплекстүү иш жүргүзүү;
- мамлекеттик мүлктөрдү ижарага берүү, ижарага берүүдө ижара акыларын эсептөө жөнүндө Кыргыз Республикасындагы тийиштүү ченемдик-укуктук актылардын талаптарына ылайык комплекстүү иш жүргүзүү;
- бекитип берилген ыйгарым укуктарына жараша, УИАсынын карамагындагы мүлктү башкаруу, тескөө жана тейлөө;
- УИАсынын карамагындагы мүлктү натыйжалуу пайдалануу жана сактоо менен эсеп жана көзөмөлгө алуу кирет.

Бирок, аталган Бөлүм жогоруда белгиленген негизги милдеттеринен четтеп калган. Сатып алууларды уюштуруу боюнча кемчиликтери ушул отчёттун 8-9 барактарында келтирилген.

УИАсынын өз алдынча чарба жүргүзүү негизинде түзүлгөн: Автотранспорт-экспедициондук ишканасына, “Илим” балдардын ден

соолугун чыңдоо комплексине, “Илимдер академиясы” эс алуу үйүнө жана методикалык жардам көрсөтүү менен алардын ишине көзөмөл жүргүзүү каралган.

Бирок, УИАнын мамлекеттик сатып алуулар, мүлк мамилелери жана чарбалык ишмердиги бөлүмү (мындан ары - Бөлүм) тарабынан бул негизги милдеттери боюнча иш-пландар түзүлүп, жеткиликтүү иштер жүргүзүлгөн эмес:

- мүлктү сактоо, башкаруу, ижарага берүү жана ижара акыларын эсептөө, мүлктү эсепке жана көзөмөлгө алуу боюнча да аудит мезгилинде бир да маалымат жок.

- УИАсына караштуу негизги каражаттарды, товардык-материалдык баалуулуктарды Бухгалтердик эсепти жүргүзүү талаптары боюнча жыл сайын өткөрүлүүчү инвентаризациялар формалдуу түрдө жасалат.

- УИА Президиумунун борбордук аппаратынын, илимий-изилдөө мекемелеринин, түзүмүндөгү башка мекемелеринин кыймылсыз мүлктөрүнүн укук белгилөөчү документтери, туруктуу чек араны тастыктоочу документтери толук эмес болгондуктан аудитте суралган кыймылсыз мүлктөр боюнча документтер көрсөтүлгөн жок.

Аудит мезгилинде атайын УИАнын кызматкерлери катышкан комиссия: ММБСАБ мамлекеттик сатып алуулар, мүлк мамилелери жана чарбалык ишмердиги бөлүмү башчысы А. Матосмонов, жетектөөчү адиси К.Алымкожоев, финансы-экономикалык маселелер башкармалыгынын жетектөөчү адиси М.А. Мааткабылованын катышуусунда кээ бир мекемелердин кыймылсыз мүлктөрүнүн абалын, туруктуу чек арасынын толуктугун тактоодо (“Илим” балдардын ден соолугун чыңдоо комплекси, “Илимдер академиясы” эс алуу үйү, Автотранспорт-экспедициондук ишканасы), жана Бишкек шаарындагы Широкая көчөсү 2 жана Широкая көчөсү 2В, “Ата-Түрк” паркынын аймагындагы Душанбе көчөсү №1 дарегинде жайгашкан лабораториялык үйлөрдү карап чыкканда тийиштүү укукту белгилөөчү, туруктуу чек араны далилдөөчү документтер жоктугунан эч нерсени тактоо мүмкүн болгон жок.

***Маалымат иретинде:*** *Аудиттин жүрүшүндө Эсептөө палатасынын атынан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине УИАсына караштуу объекттердин жана жер участоктору боюнча тарыхы жөнүндө маалыматты укук белгилөөчү документтердин көчүрмөсүн берүүнү суранып, 2024-жылдын 22-октябрында кат жолдонгон. Бирок, канааттандырарлык эмес жооп келген.*

Кээ бир имараттар моралдык/ физикалык жактан эскирип, бузулуп бүткөн, кээ бир үйлөрдө ремонт жүргүзүлүп кошумча курулуштар жана толуктоолор бар, адамдар жашап жатканы билинет.

Бул өз алдынча чарба жүргүзүүчү мекемелердин Уставдары:

- Автотранспорттук-экспедициялык ишканасы - 1998-жылы;
- “Илим” балдардын ден соолугун чыңдоо комплекси – 2009-жылы;

- “Илимдер академиясы” эс алуу үйү – 2009-жылы.

Мекемелер көп жылдардан бери негизги максаты, милдети боюнча натыйжа бербей, Уставда каралган милдеттери, функциялары боюнча толук кандуу иш жүргүзүлбөй келет. Азыркы кезде эми инфраструктураларын калыбына келтирүү/ондоо иштерине ири өлчөмдө капиталдык салым талап кылынат.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын мамлекеттик сатып алуулар, мүлк мамилелери жана чарбалык ишмердиги бөлүмүндө, бөлүм жөнүндө жободо белгиленген негизги милдеттерди аткаруу боюнча иш пландарын түзүү жана аны аткаруу боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.
2. Кыймылсыз мүлктөрдүн укук белгилөөчү, туруктуу чек араны тастыктоочу документтерин тактап, калыбына келтирүү, башка негизги каражаттардын сакталышын жана максаттуу пайдаланышын тактоо үчүн, УИАсынын курамында жетекчилерден, профсоюз комитетинин мүчөлөрүнөн, компетенттүү адистерден турган туруктуу комиссия түзүү менен иш жүргүзүлсүн.

**Улуттук илимдер академиясынын кыймылсыз мүлктөрүн ижарага берүү маселелери**

**Аныкталды жана корутунду**:

УИА Президиумунун борбордук аппаратынын, илимий-изилдөө мекемелеринин жана ведомстволук уюмдарынын кыймылсыз мүлктөрү ижарага берилип келет.

Аудиттин жүрүшүндө, УИА Президиумунун борбордук аппараты Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265 жана Пушкин көчөсү 44 дареги жайгашкан негизги имаратынын кабинеттери “Акнет” ЖЧКсына көп жылдар бою ижарага берилип келген. Бул имарат Бишкек шаарынын борборунун чок ортосунда жайгашкан, району ыңгайлуу, инфратүзүмү, жол тармагы жакшы өнүккөн, потенциалдуу ижарачылар үчүн жагымдуу болуп саналат.

Көз карандысыз баалоочу “Al Star” жана “Бизнес-Эксперт” компанияларынын аналитиктери тарабынан Бишкек шаарындагы кеңсе жайларды ижарага берүү рыногундагы сунуштарга акыркы 10 жылга жүргүзүлгөн талдоо эске алынды. Бул компаниялардын 2021-жылдан тартып 2023-жылга чейинки мезгил аралыгында районго жана имараттын түрүнө жараша коммерциялык жайларды ижарага берүү боюнча баасынын динамикасы сунушталган. УИА Президиумунун борбордук аппаратынын имараты маалыматтарга ылайык, орто борборго, административдик имаратка туура келет, жайларды ижарага алуу боюнча 1 кв.м. үчүн баалардын динамикасы: 2021-жылы - 9,0 АКШ долларын, 2022-жылы - 15,9 АКШ долларын, 2023-жылы - 14,1 АКШ долларын жана адистештирилген имараттардын динамикасы менен, 2022-жылы - 8,9 АКШ долларын, 2023-жылы - 10,4 АКШ долларын түзөт. Аудит мезгилинде, УИА

Президиумунун имараттарынын 1 кв.м. ижарасынын орточо рыноктук наркы болжол менен 11,7 АКШ долларын түзгөн.

Аудит тарабынан “Акнет” ЖЧКсынын мисалында ижарадан түшкөн кирешелердин айырмасын аныктоо үчүн, түзүлгөн келишимдерге салыштырмалуу УИА Президиумунун жайларын рыноктук наркы боюнча тапшыруудагы ижара төлөмдөрүнө талдоо жана шарттуу эсептөө жүргүзүлдү. Жыйынтыгында, “Акнет” ЖЧКсы боюнча 2021-2022 жана 2023-жылдар үчүн жалпы 2162 кв.м. ижара аянтына баардыгы болуп 11 625,2 миң сом төлөмдөр эсептелген. 1 кв. м.дин орточо наркы 149,4 сомду түзгөн.

Ал эми, 2021-2022 жана 2023-жылдар үчүн орточо рыноктук нарк боюнча шарттуу эсептелген жалпы ижара акысы 76 037,9 миң сомду түзөт (11,7$ x 83,5 курс x 2162 кв.м. x12 ай x 3).

“Акнет” ЖЧКсы боюнча жүргүзүлгөн талдоодо түзүлгөн келишимдерге салыштырмалуу жайларды базар наркы боюнча тапшырууда, ижара төлөмдөрүнүн шарттуу эсеби боюнча 2021-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилде шарттуу эсеп боюнча кирешелердин жоготуусу (түшпөй калуусу) 64 412,7 миң сомду түзгөн (76037,9 - 11625,2).

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобого ижара акысынын суммасын эсептөөнү, ижара мамилелеринин рыногунун конъюнктурасына ылайык келтирүү бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселе каралсын.

**Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулуктун абалы**

**Аныкталды жана корутунду:**

Автотранспорт-экспедициондук ишканасынын Уставы УИА Президиуму тарабынан 1998-жылы бекитилген. Акыркы аудиттердин маалыматы боюнча 2017-жылдан бери Уставында белгиленген милдеттерин жана функциясын аткарбайт. Кирешесинин негизги жалгыз булагы бекитилип берилген кыймылсыз мүлктөрүн ижарага берүүдөн түшкөн каражаттар. Ижара акылар накталай акча түрүндө кассага кириш болгон:

- 2021-жылы 3 042,8 миң сом;
- 2022-жылы 3 410,3 миң сом;
- 2023-жылы 3 856,6 миң сом түшкөн.

Бул каражаттар жыл ичинде штатта көрсөтүлгөн 1 жетекчи жана 4 кенже кызматчылардын эмгек акы менен камсыз кылуу, эмгек акыдан киреше салыгы жана социалдык чегерүүлөрдү төлөөдө, калган суммалар коммуналдык чыгымдарга жана чарбалык буюмдарга сарпталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы 166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” токтому менен, Кыргыз Республикасында накталай

эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программа бекитилген.

Бирок, Автотранспорт - экспедициондук ишканасы уюшулгандан бери банкта же казыналык алыш-бериш эсеби ачылбагандыктан ушул күнгө чейин баардык операциялар накталай акча түрүндө жүрөт.

“Илим” балдардын ден-соолугун чыңдоочу комплекси боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун жана “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун талаптарын сакталбастан накта акча түрүндө келип түшкөн кирешелерди жана мекеменин алыш-бериш эсебинен каражаттарды накталай алып колдонуу менен финансылык операциялар жүргүзүлүп келген:

- 2022-жылы банк эсебинде жалпы киреше болгону 462,4 миң сомду түзсө, жалпы накталай чыгым 1077,2 миң сомду түзүп, эс алуучулардан түшкөн айырма 614,8 миң сом банк же касса отчётторунда чагылдырылбастан түз чыгымдалган.

- 2021-2022, 2023-жылдарда банк эсебиндеги каражаттар дайыма накталай акча түрүндө алынып, баардык 1 320,4 миң сомдук чыгымдар да накталай эсептешүүлөр түрүндө ишке ашкан.

“Улуттук Илимдер академиясынын эс алуу үйү” мекемесинде, жогорудагыдай эле 2022-жылы банк эсебине төгүлгөн жалпы киреше 997,8 миң сомду түзсө, жалпы чарбалык чыгымдар 1506,4 миң сомду түзүп, айырмасы 512,0 миң сом банктагы эсепке төгүлбөстөн накталай чыгымдалган.

УИАнын борбордук аппаратында 2015-2019-жылдарда өз убагында ижарачылардан өндүрүлбөй, бүгүнкү күнгө дебитордук карыздар 1778,7 миң сом анын ичинде: жеке ишкер П.Т. Сарбановдун ашкана ижарасы үчүн 156,1 миң сом (2017-жыл); -жеке ишкер Т. Кушубаковдун ашкана ижара үчүн 1591,1 миң сом (2015-жыл), бул маселе Биринчи май райондук сотунда каралган; “Кыргыз жеринин нуру” журналынын ижара  үчүн карызы  31,4 миң (2019-жыл).

Академик А. Алтымышбаев атындагы Философия институту боюнча, 2023-жылдын аягына балансна чагылдырылбастан жаап жашырылган 184,2 миң сомдук дебитордук карыз аныкталган, анын ичинен 138,2 мин сом киреше салыгы, 46,0 мин сом социалдык төлөмдөр. Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик тактама берилип толугу менен ордуна коюлду.

Физика институту боюнча 2023-жылдын аягына балансна толук олтургузбай жаап жашырылган айлык маянадан 32,4 миң сомдук кредитордук карыз аныкталган, аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик тактама берилип толугу менен ордуна коюлду.

Химия фитотехнология институту боюнча аудиттин жыйынтыгында 24,2 миң сом депозитке такталбаган убактылуу пайдаланууга алынган каражаттар болуп чыкты.

Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институтунда 2022-жылдын башында депозиттик эсепте 6,7 миң сом калдык калган.

**Сунуштама**:

Автотранспорт-экспедициондук ишканасынын, "Илим" балдардын ден-соолугун чындоочу комплексинин, "Улуттук Илимдер академиясынын эс алуу үйү" мекемесинин юридикалык статустары, максаттары, милдеттери, иштөө эрежелери, түзүмдөрү, сырткы байланыштары жана башка жол-жоболору кайра иштелип чыгып, уставдары жана эсеп саясаттары кайрадан каралсын.

**Улуттук илимдер академиясында жана анын илимий-изилдөө мекемелеринде, ведомстволук уюмдарында жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жалпы жыйынтыктары**

Аудиттин жыйынтыгы боюнча 2021-2022 жана 2023-жылдарга карата жалпы финансылык тартип бузуулар 71 016,0 миң сомду түздү. Анын ичинен:

- Эмгек акы фондунан негизсиз эсептелип, төлөөлөр: 37 234,2 миң сом;
- Соцфондго эсептелген чегерүүлөр: 6 425,9 миң сом;
- Мамлекеттик сатып алуулар жаатындагы ченемдик-укуктук актылардын сакталышы боюнча аудитте аныкталган бузуулар 18 554,9 миң сом;
- жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын (мындан ары: ТМБ) нормативден ашыкча запастардын аныкталган ашыкча калдыктары 2370,2 миң сом;
- Коммуналдык чыгымдарды ченемден ашык пайдалануу: 1 495,8 миң сом;
- күйүүчү-майлоочу материалдардын ашыкча чыгымдалышы – 53,2 миң сом;
- Курулуш куроо/оңдоо иштерин аткарууда бузуулар 217,3 миң сом;

Бюджеттик каражатты максатсыз пайдалануулар: 191,1 миң сом;

Бухгалтердик эсептин талаптары сакталбастан 4473,4 миң сомдук финансылык бузууларга жол берилген, аудит учурунда 216,6 миң сом калыбына келтирилди.

Жогорудагы финансылык тартип бузуулардан тышкары кыймылсыз мүлктөрдү, жер аянттарды ижарага берүүдөн Борбордук аппараттын 1 объектинин мисалында шарттуу жоготуулар 64 412,7 миң сомду түздү.

**Аудитор** **Батиров П.С.**